**Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министрлиги**
ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
Дипломдон кийинки жана үзгүлтүксүз медициналык билим берүү борбору
Ош шаары, Водозаборная к. 215/1

**Министерство образования и науки Кыргызской Республики**
ОШСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ
Центр последипломного и непрерывного медицинского образования
г. Г.Ош, ул.Водозаборная 215/1

Окуу-методикалык кеңештин жыйынынын

ПРОТОКОЛУ

27. 11. 2021 № 4                                                                 Ош шаары

Төрайымы – К.Д.Калыбекова.
Катчысы -

Катышкандар:

Борбордун директору: А.К. Жанбаева.
Ординатура бөлүмүнүн башчысы: К.К. Абдурасулов.
Үзгултуксуз медициналык билим берүү бөлүмүнүн башчысы: Ч.А.Эшбаева
Хирургиялык адистиктерине билим берүү программалар жетекчиси: И.Т.Ыдырысов
Терапиялык адистиктерине билим берүү программалар жетекчиси: Ж.Б.Иметова
Педиатриялык адистиктерине билим берүү программалар жетекчиси: А.Т.Маткасымова
Стоматологиялык адистиктерине билим берүү программалар жетекчиси: Г.С.Эргешова
Хирургиялык адистиктерине билим берүү программалар бөлүмүнүн ОМК мүчөсү: Абдимиталип уулу Кемель.
Терапиялык адистиктерине билим берүү программалар бөлүмүнүн ОМК мүчөсү:
Педиатриялык адистиктерине билим берүү программалар бөлүмүнүн ОМК мүчөсү: К.Жарыбекова
Стоматологиялык адистиктерине билим берүү программалар бөлүмүнүн ОМК мүчөсү: Т. Султанова.

Күн тартиби:

1.Региондо жүргөн 1-2-3 жылдагы ординатолорго мониторинг жүргүзүү жана клиникалык насаатчыларга терээң маалымат берүү.

2.Элективдүү курс жөнүндө

1. Региондо жүргөн 1-2-3 жылдагы ординатолорго мониторинг жүргүзүү жана клиникалык насаатчыларга терең маалымат берүү.

Угулду: К.К. Абдурасулов.
Саламатсыздарбы урматуу коллегалар. 2021- жылдын 17-26 ноябрь күндөрү ДКжҮМБББнун деканы - Жанбаева А.К, ДКжҮМБББнун ординатура бөлүмүнүн башчысы - Абдурасулов К.К,үзгүлтүксүз билим берүү бөлүмүнүн башчысы - Эшбаева Ч.А., терапиялык адистиктерине билим берүү бөлүмүнүн жетекчиси - Иметова Ж.Б,

клиникалык жетекчилер: Момунова А.А, Умурзаков О.А. тарабынан Джалалабад, Кызыл-Кыя шаарларына жана Ноокат районуна клиникалык практика боюнча мониторинг жүргүзүү максатында чыгышты. Мониторингдин жүрүшүндө Джалалабад ЦОВП да стационар боюнча директордун орун басары Ботокараев Кумарбек Пазылович, Ноокат ЦОВП да стационар боюнча директордун орун басары Усенова Сайрагүл Пановна, Кызыл-Кыя ЦОВПда стационар боюнча директордун орун басары Миталипов Куванычбек Мурзакаримович менен жолугушуп кыскача тренинг өткөрүлдү.

Тренингтин тематикасы:
1. ДКжҮМББ миссиясы жана билим берүү системасын жакшыртуу.
2. Клиникалык жетекчилер/насаатчылар тарабынан ординаторлорду контролдоо структуралык системасы (табель, күндөлүк, мини-КОФ, ННПН, ФООК)
3. 2-3 курс ординаторлору үчүн элективдүү курстарды уюштуруу.

Негизинен ординаторлор ЦОВПдагы иштөөгө жакшы шарттар түзүлгөндүгүн, кызматкерлер ординаторлорго жакшы мамиле жасаарын белгилешти. Азырынча эч кандай маселе жарала элек. ЦОВПнын жетекчилиги жана дарыгерлер ординаторлордун ишине оң баа беришти.
Андан сырткары администрация жана клиникалык насаатчылар менен жолугушуу уюштурулуп, анда ДКжҮМББ борборунун максаты, стратегиялык багыттар, адистиктер боюнча компетенциялар каталогу талкууланды.
Джалалабад, Ноокат и Кызыл-Кыя ЦОВП директорлорунун орун басарлары менен биргеликте практикалык окуу өтүп жаткан ординаторлорго чогулуш өткөрүлдү. Чогулуштун жүрүшүндө окуу программасы, катышуу жана эмгек дисциплинасы, баалоо формасынын колдонулушу ж.б . суроолор талкууга алынды. Жана ординаторлор ар жума сайын тестирлөө менен дистанттык лекция угуусу керек экени жөнүндө информация берилип, керектүү документтер жана окуу методикалык материалдар ОшМУнун сайтында жайгашканы билдирилди (www.oshsu.kg) и (www. ibook.oshsu.kg).

2. Элективдүү курс жөнүндө.

Сөзгө чыкты: 2021- окуу жылында өткөрүлгөн ярмарка вакансиясында стэйкхолдерлер "Жугуштуу оорулар" жана "Майыптыктын медико - социалдык экспертизасы " аттуу сабактарды элективдүү курс катары өтүлүүсүнө сунушташкан. Ошондуктан, быйылкы окуу жылына ушул эки сабак элективдүү курс катары киргизилди. " Жугуштуу оорулар " предмети боюнча Б.Т Абдимомунова жана Н.М. Маматкулова тарабынан жумушчу программа түзүлдү. Ал эми " Майыптыктын медико - социальдык экспертизасы" предмети боюнча С.Ж Мамажусупова тарабынан жумушчу программа түзүлдү, таанышып чыгыңыздар. Андан сырткары региондогу ординаторлор үчүн онлайн, шаардагы ординаторлор үчүн оффлайн өтүлүүчү сабактардын графиги түзүлдү (тиркеме), таанышып чыгыңыздар.

Токтом кылат :

1.Мини-Коф жана ННПН, күндөлүктөр ар бир айдын 25не чейин тапшыралсын. ННПНжана Мин-Кофторду туура толтурулушун клиникалык насаатчылар тарабынан көзөмөлгө алынсын. 1-жума келбеген ординаторлор тункү кузөткө тургузулсун жана жасаган жумуштары күндөлүгүнө түшүрүлсүн, клиникалык насаатчы тарабынан тастыктасын . Ал эми 1ай келбеген ординаторлорго бир жолу эскертүү берилип, андан ары келбесе рапорт берилип, окуудан четтетилсин.

2. 2021- жылдын окуу планына " Жугуштуу оорулар " жана " Майыптыктын медико - социальдык экспертизасы" аттуу дисциплиналар элективдүү курс катары киргизилсин жана окутуу графиги бекитилсин.

Төрайымы : ______________ К.Д. Калыбекова

Катчы: ______________ К.А. Эргешова